# САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ БАШКАРУУ



Натыйжалуу саламаттыкты сактоо системасы баарына жеткиликтүү жана сапаттуу медициналык кызматтарды камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. Туруктуу өнүгүүнүн максаттары 2030-жылга чейин ВИЧ/СПИД, кургак учук, безгек жана башка жугуштуу оорулардын эпидемиясын токтотуу боюнча амбициялуу милдеттенмелерди камтыйт. Максаты – жалпы калкты саламаттыкты сактоо кызматтары менен камтуу жана бардык коопсуз жана арзан дары-дармектер менен вакциналарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Саламаттыкты сактоо министрлигинин саламаттыкты сактоо боюнча бардык маалымат системаларын бириктирген Бирдиктүү медициналык маалымат системасы (БММС) жөнүндө токтом кабыл алган. Бул токтом медициналык мекемелердин документтерди кагазсыз башкарууга өтүүсү үчүн укуктук негиз түзөт, ошондой эле жарандардын БММС аркылуу өздөрүнүн медициналык маалыматтарына жетүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Бул контекстте Кыргыз Республикасындагы БУУӨП саламаттыкты сактоо тармагында натыйжалуу башкарууну илгерилетүү, санариптештирүү жана саясий реформаларды жүргүзүү багытында улуттук жана эл аралык өнөктөштөр менен биргеликте кызматташууда. Заманбап технологияларды жана инновациялык ыкмаларды колдонуу менен БУУӨП өлкөнүн саламаттыкты сактоо системасын чыңдоого, медициналык кызматтардын сапатын жакшыртууга жана коомдук саламаттыкты сактоонун натыйжаларын жакшыртууга салым кошууда.

## САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ БАШКАРУУНУ ЧЫҢДОО ЖАНА САЯСИЙ ЧӨЙРӨДӨГҮ РЕФОРМАЛАР



БУУӨП Глобалдык фонддун колдоосу менен ВИЧ жана кургак учук боюнча кызматтарды саламаттыкты сактоонун улуттук механизмдерине туруктуу интеграциялоодо маанилүү роль ойноду. Жасалма интеллекттин негизиндеги диагностикалык системаларды киргизүү медициналык изилдөөлөрдүн тактыгын жогорулатып, медициналык кызматтардын натыйжалуу жана ишенимдүү көрсөтүлүшүн камсыз кылат.

Мындан тышкары, саламаттыкты сактоону башкарууну жакшыртуу жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү максатында мыйзамдык реформалар ишке ашырылды. Эки негизги мыйзамдын кабыл алынышы – № 10 «Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө» жана № 14 «Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» – медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртууга салым кошту жана ВИЧ менен жашаган жана андан жабыркаган адамдардын дарыланууга жетүү мүмкүнчүлүгү боюнча болгон теңсиздикти кыскартты.

Саламаттыкты сактоо боюнча улуттук приоритеттерге ылайык, БУУӨП медициналык инфраструктураны кеңейтүүгө, анын ичинде Ош шаарындагы Аймактар аралык референс-лабораторияны модернизациялоого колдоо көрсөтүүдө.

Бул кургак учук оорусун аныктоо жана жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү боюнча өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрүн күчөтөт. Бул жогорку технологиялык лаборатория кургак учукка тестирлөөнүн сапатын, ылдамдыгын жана тактыгын жогорулатууда маанилүү роль ойнойт жана коомдук саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү максаттарга жетүүгө өбөлгө түзөт.

БУУӨП ошондой эле алыскы жана аз камсыз болгон аймактарда медициналык мекемелерди заманбап жабдуулар менен жабдуу жана жергиликтүү медициналык борборлорду жаңылоо аркылуу медициналык тейлөөлөрдү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүдө. Бул чаралар калктын аялуу катмарлары үчүн медициналык жардам көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жана бүткүл өлкө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн адилеттүүлүгүн камсыздоого багытталган.

## САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО СИСТЕМАСЫН САНАРИПТЕШТИРҮҮ

Санариптик технологиялар аркылуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында БУУӨП Президенттин администрациясы, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, ДСУ, ЮНИСЕФ жана БУУнун Калкты жайгаштыруу фондусу менен биргеликте «Саламаттыкты сактоо тармагындагы санариптик ажырымды жоюу» аттуу биргелешкен программаны демилгеледи.

Бул демилге санариптик саламаттыкты сактоо тармагында ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууга, жакшыртуу үчүн багыттарды аныктоо максатында колдонуудагы санариптик системаларга IT-аудит жүргүзүүгө, ошондой эле Майыптыкты аныктоо боюнча бирдиктүү маалымат системасын түзүүгө багытталган.

Мындан тышкары Улуттук лабораториялык маалымат системасын модернизациялоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө, бул лабораториялык диагностиканын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бейтаптарга анализдин жыйынтыгын «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алууга мүмкүндүк берет.

### ВИЧ ЖАНА КУРГАК УЧУК МЕНЕН ДАРЫЛООНУ КАМСЫЗДОО: КООМДУК САЛАМАТТЫКТЫ САКТООГО КОШКОН САЛЫМ

Көп дарыга туруктуу кургак учукту (МЛУ-ТБ) дарылоонун ийгиликтүүлүгүнүн көрсөткүчү жогорулады: 2009-жылы – 42% — **74%** 2024

антиретровирустук терапия (АРТ) менен камтылгандардын саны өсүү: 2011-жылы 8,2% — **79,52%** 2024

Өлүмдүн көрсөткүчү төмөндөдү: 100 000 адамга 2001-жылы 27 учур — **2,5** 2024

ВИЧтин алдын алуу программалары менен камтуу көбөйдү: 2011-жылы 20000 адамдан — **44 482** 2024

Ийне аркылуу баңгизаттарын колдонгон адамдар арасында алдын алуу иш-чараларынын камтуусу көбөйдү: 12 000 адам — **19 909** 2024

Кургак учук менен ооругандар финансылык жардам, азык-түлүк топтомдору жана кошумча социалдык кызматтар түрүндө жардам алышты — **1 236**


Көрсөтүлгөн юридикалык консультациялардын саны — **1 200+**



## ВИЧ ЖАНА КУРГАК УЧУК БОЮНЧА КЫЗМАТТАРГА ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮКТҮ КЕҢЕЙТҮҮ



**7,016**
адам кургак учукка текшерүүдөн өтүштү



Аныкталды
**36** активдүү учуру
**35** өпкөнүн башка патологиялары

**480** медицина кызматкери жана коомчулуктун 175 мүчөсү ВИЧ, кургак учук жана башка жугуштуу ооруларды эрте аныктоо жана дарылоо боюнча окуудан өтүштү. Бул аялдар менен калктын негизги топторунун медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн өзгөчө маанилүү.

Тармактагы ички каржылоону кеңейтүү жолу аркылуу, ВИЧ жана кургак учукка каршы жардам көрсөтүүнү баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү системасына интеграциялоо, ошондой эле негизги дары-дармектердин жана жасалма интеллекти бар рентген аппараттарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу БУУӨП Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо тармагын чыңдады. 2024-жылы 7016 адам кургак учукка текшерилүүдөн өтүп, натыйжада активдүү оорунун 36 учуру жана өпкөнүн 35 башка патологиялары аныкталды.



**21**
параюрист



**1,200**
консультация жүргүзүлдү



**425**
учур документтештирилди

Юридикалык жардамды кеңейтүү максатында, БУУӨП 21 параюристтен турган тармак аркылуу баштапкы юридикалык консультацияларды берүүнү уюштурду. 2024-жылы алар 1200 консультация жүргүзүп, 425 учурду документтештиришти. Кыргызстандын эл аралык университети менен биргеликте бир катар жогорку окуу жайларынын окуу программасына «Параюристтик ишмердиктин негиздери» модулу киргизилип, юридикалык жардам тармагында билим берүүнү институционализациялоого жана аялуу топтордун сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

## КУРГАК УЧУК МЕНЕН КҮРӨШҮҮДӨ ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК ЧЕЧИМДЕРДИ КОЛДОНУУ

Кургак учукка каршы улуттук чараларды мындан ары да күчөтүү үчүн БУУӨП Глобалдык фонддун каржылык колдоосу менен диагностиканын тактыгын жогорулатууга, дарылоонун жыйынтыктарын жакшыртууга жана кургак учук оорусунун таралышын төмөндөтүүгө багытталган инновациялык чечимдерди ишке ашырды.

Негизги жетишкендиктердин бири катары жасалма интеллект функциясы бар тогуз көчмө рентген аппаратын ишке киргизүү болду, бул кургак учук скринингинин натыйжалуулугун жана тактыгын бир кыйла жогорулатты. Бул аппараттардын сегизи кургак учук менен күрөшүү боюнча облустук борборлорго жана Бишкектеги Мамлекеттик кургак учук борборуна, жана бирөө – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматына өткөрүлүп берилди.

## ЖАБДУУЛАР ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ БӨЛҮШТҮРҮЛДҮ:



8 облустук жана мамлекеттик кургак учук борборлору – Бишкек, Чүй, Ош, Жалал-Абад, Баткен, Нарын, Талас, Ысык-Көл жана 1 мекеме – Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кызматы

## ОКУТУУЛАР МЕНЕН КАМТУУ ЖАНА ПОТЕНЦИАЛДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ

**432** баштапкы медициналык-санитардык жардам дарыгерлери окуудан өтүштү

**19+** жергиликтүү жана 3+ эл аралык тренингдер өткөрүлдү

STAFF

**7** борбор жана 5 бейөкмөт уюмдары окуудан өтүштү

**15** ВИЧтин алдын алуу менен алектенген бейөкмөт уюмдардын өкүлү, анын ичинде жетекчилери жана параюристтери

**25** судья, 22 прокурор жана 27 укук коргоо органдарынын өкүлү ВИЧтин алдын алуу жана калктын негизги топторунун укуктарын коргоо боюнча окуудан өтүштү

**БУУӨП Кыргызстанда**
**БУУнун үйү, Чүй проспектиси, 160**
**Бишкек ш., 720000**
**Телефону: +996-312-611213**
**www.undp.org/Kyrgyzstan**
**@undpkg**